КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАШ-КУУГАНДИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Баш-кууганды айыл аймагынын Баш-Кууганды айылдык кенешинин XVIII - чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясынын**

№18-1 / 1 токтому

Баш-Кууганды айылы.

2023- жылдын 16 январь.

**Баш-кууганды айыл аймагындагы ИСКАКБ"Домпой —Булак (ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси) СПА "Көл-суу"(суу пайдалануучулар ассоцациясы) , жайыт комитети жана тазалыкты Баш-кууганды муниципиалдык ишканасына бириктирүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин 2022 жылдын 26 декабрындагы №713 токтомун, Кыргыз республикасынын Нарын облусунун аймагында жайгашкан айыл аймактарында ирригацияны,ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын күтүүнү,ошондой эле жайыттарды башкарууну комплекстүү уюштурууга Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.К.Эргешовдун төрагалыгында 30.11 2022 жылы болгон "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын кенейтүү боюнча реформаларды жүргүзүүгө даярдыктарды көрүү жөнүндө" жыйындын "1 протоколунун негизинде пилоттук долбоорду ишке ашыруу боюнча сунуштарды угуп, Баш-Кууганды айылынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Баш-Кууганды айыл аймагындагы ИСКАКБ"Домпой-Булак"(ичүүчү суну керектөөчөлүрдүн айылдык коомдук бирикмеси)" СПА"Көл-суу"(суу пайдалануучулар ассоцациясы),Баш-Кууганды жайыт комитети жана тазалык Баш-кууганды айыл өкмөтүнүн муниципиалдык ишканасына бириктирилсин .

2. Жайыт акылары бодо малга 100 (жүз)сом ,жандыкка 20 (жыйырма) сом болгондугу белгиленсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылып,жогорудагы коомдук уюмдардын тиешелүү документтерин өткөрүүнү даярдоо Осмонова Гулнурага милдеттендирилсин.

4. Таза суу акысы бир адамга көчө колонкасынан алгандар үчүн 1(бир) айга 20 (жыйырма ) үй ичинен ичкендер үчүн 25 (жыйырма беш) сом боюнча калгандыгы эскертилсин.

5. Талаа сугат суу акысы 1(бир) гектар үчүн 200 (эки жүз)сом боюнча калгандыгы түшүндүрүлсүн.